КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**2024-жылдын 27-майы** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясынын**

## №1 ТОКТОМУ

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2024-2026- жылдар аралыгындагы социалдык - экономикалык өнүгүү программасын бекитүү жөнүндө**

Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын V сессиясы Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2024-2026-жылдар аралыгындагы социалдык-экономикалык өнүгүү программасын карап чыгып, талкуулап

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2024-2026-жылдар аралыгындагы социалдык-экономикалык өнүгүү программасы тиркемеге ылайык бекитилсин. (СЭӨПнын тиркемеси тиркелет).
2. Бул токтомдун аткарылышынын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

**Күмүштак айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын 2024-жылдын 27-майындагы V сессиясынын №1 токтому менен бекитилген**

## Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2024-2026- жылдар аралыгындагы социалдык - экономикалык өнүгүү программасы

| № | Долбоордун аталышы | Жылдар | | | 3 жыл ичинде керектел-чү сумма (миң.сом) | Анын ичинен | | | Аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2024 | 2025 | 2026 | | Инвестиция | Жергиликтүү бюджет | Республик бюджет | |

## 1. Айыл чарба тармагы

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.1 | Дыйкандарды үзгүлтүксүз суугат суу менен камсыз кылуу максатында БСРди (сууну суткалык көзөмөлдөө бассейнин) ишке киргизүү | | + | + | 1 млн | | 1 млн сом | | Айыл өкмөтү |
| 1.2 | Бош-Моюн каналынын 13.5 км аралыгын, казып, тазалоо иштерин жүргүзүү | | + | | 65000 | | 65000 сом | | Айыл өкмөтү СПА менен биргеликте |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.3 | Айыл аймагындагы “Курама-Төр” СПАсына тиешелүү болгон ички жана тышкы суугат каналдарын, арыктарын тазалоо | + | + | + | 600000 | | 600000 | | Айыл өкмөтү СПА менен биргеликте |
| 1.4 | Ички жолдорго кум шагыл төгүү, көпүрөлөрдү жана көчөлөрдү бойлоп өткөн чоң каналдарга цемент шакекчелерин орнотуу | + | + | + | 1 млн | | 1 млн | | Айыл өкмөтү |
| 1.5 | Айыл аймагындагы жаңы конуштарга электр карагайларын орнотуп, чубалгыларын тартуу | + | + | + | 2 млн | | 2 млн | | Айыл өкмөтү<br>Бакай-Ата РЭС менен биргеликте |
| 1.6 | Айыл аймагында жайгашкан суугат суу жетишсиздиги бар болгон жерлерге Кут дарагын (павлония) өстүрүү менен дыйкандарга кошумча кирешенин банка түрүн табуусуна шарт түзүп берүү | | + | + | 40 млн сом | 40 млн сом | | | Айыл өкмөтү<br>Инвестиция тартуу менен |
| 1.7 | Боо-Терек айылындагы Талас дарыясындагы көпүрөсүн оңдоп түзөө | | + | | 1 000 000 | | 1 000 000 | | Айыл өкмөтү |
| | **2. Экология** | | | | | | | | |
| 2.1 | «Жашыл Мурас» улуттук өнөктүгүнүн негизинде айыл | + | + | + | 100000 сом | | 100000 сом | | Айыл өкмөтү |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | аймагындагы муниципалдык жерлерди жаңылдандыруу | | | | | | | | |
| 2.2 | Айыл аймагында жайгашкан таштанды таштоочу жайдын айлана тегерегин курчоо, талапка ылайык келтирүү. таштандыларды чыгаруу жана борбордук көчө аталган Ч. Сатаев көчөсүнө таштанды таштоочу урналарды орнотуу | + | + | + | 1 млн сом | | 1 млн сом | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |
| 2.3 | Ылаңдаган малдардын таштарын көмүүчү жайдын (яма Беккари) курулушун бүтүрүү жана колдонууга берүү | | + | | 100000 сом | | 100000 сом | | Айыл өкмөтү, ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөлдөө борбору |
| 2.4 | Малдарды идентификациялоону мыйзам талаптарына ылайык иш жүзүнө ашыруу | + | + | + | - | | - | | Айыл өкмөтү, ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөлдөө борбору |
| 2.5 | Малдарды ар кандай жугуштуу оорулардын алдын алуу максатында дезинфекциялоочу мончо куруу | | + | | 500000 сом | | 500000 сом | | Айыл өкмөтү, ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөлдөө борбору |
| | **3. Социалдык инфраструктура** | | | | | | | | |
| 3.1 | Айыл аймагына айыл чарба продукцияларын сактоочу муздаткыч куруу (алма, алмурут, | | + | + | 110000 $ | 110000 $ | | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | кара өрүк, болгар калемпири, помидор) | | | | | | | | менен, жеке ишкерлер |
| 3.2 | Жашылча жемиштерди кайра иштетүүчү ишкана куруу | | + | + | 5 млн сом | 5 млн сом | | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен, жеке ишкерлер |
| 3.4 | Айыл тургундарын турмуш тиричилик жактан тейлөө максатында тигүүчү цех ачуу | | + | + | 5 млн сом | 5 млн сом | | | Айыл өкмөтү. Жеке ишкерлер |
| 3.5 | Май куюучу жай (заправка) куруу | | + | + | 25 млн сом | 25 млн сом | | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |
| 3.6 | Айыл аймагына кирпич чыгаруучу ишкана ачуу | | + | + | 20 млн сом | 20 млн сом | | | Айыл өкмөтү. Жеке ишкерлер |
| 3.7 | Төө бурчакты кайра иштетүүчү ишкана куруу | | | + | 54 млн | | | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |
| 3.8 | Айыл аймагына муниципалдык ишкана ачуу (ЖКХ багытында) | + | | | | 300000 | | | Айыл өкмөтү |
| 3.9 | 1-Май айылына таза суу чыгаруу (скважина бургулоо) суу топтоочу цистерналарды орнотуу суу түтүгүн тартылбаган көчөлөргө тартуу ж.б.жумуштар | + | + | | 5 250 000 | 5 000 000 | 250 000 | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3.10 | 1-Май айылындагы ФАПтын имаратынын капиталдык ремонтун жасоо. | + | | | | | | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |
| 3.11 | Кыргызстан айылындагы жабык спорт залынын курулуш ишин бүтүрүү | + | | | 5 000 000 | | 5 000 000 | | Айыл окмотү |
| 3.12 | Кыргызстан айылына бала бакча имаратын куруу | + | + | + | 19 2500 000 сом 96,25% | | | | Айыл окмотү, Инвестиция тартуу менен |
| 3.13 | Т Чолушев орто мектебине жаңы 275 орундуу мектептин курулуш иштерин баштоо | + | + | + | 101 000 000 | | | 101 000 000 | |
| 3.14 | 1-Май айылындагы А.Саналиев бала бакчага кошумча корпус куруу | | + | | 2 000 000 | | 2 000 000 | | Айыл өкмөтү |

## 4. Саламаттыкты сактоо

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4.1 | Айыл аймагындагы № 9 Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жаңы имаратынын курулушун соңуна чыгаруу жана колдонууга берүү | + | | | 1500000 | | 1500000 | | Айыл окмотү |
| 4.2 | № 9 Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жаңы имаратынын курулуш иштерин соңуна | + | + | | 5000 $ | 5000 $ | | | Айыл өкмөтү. Инвестор |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | чыгаргандан кийин аталган имараттын ичин заманбап жабдуулар, медициналык эмеректер менен камсыз кылуу | | | | | | | | (А. Алымкулов) |
| 4.3 | И.Отунбаев атындагы машыктыруучу залды толук ремонттон өткөрүү жана жабдуулар менен камсыз кылуу | | | + | 500000 сом | | 500000 сом | | Айыл өкмөтү, Алтын Альянс фонду, Талас өнүгүү фонду |
| 4.4 | Айыл аймагына айыл тургундары үчүн ден-соолукту чыңдоочу жай – жабык спорт комплексин куруу | + | + | + | 20 млн сом | 20 млн сом | 1 млн | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |
| 4.5 | Ак Жер жаңы конушундагы бош жаткан жер тилкесине айыл тургундары үчүн коомдук мончо куруу | + | + | + | 3 млн сом | 3 млн сом | | | Айыл өкмөтү, Жеке ишкерлер |
| 4.6 | Айыл аймагына күндүзгү стационар ачуу | | + | + | 10 млн сом | 1 млн | | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |

## 5. Билим берүү

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5.1 | Д. Дуйшобаев атындагы эски мектептин имаратын капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү | + | | | 2 млн | 2 млн сом | 100000 | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |
| 5.2 | Б. Сатыбеков атындагы орто мектебинин чатырын алмаштыруу | + | | | 7.500 млн | | | | Айыл өкмөтү, Билим берүү министрлиги менен биргеликте |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5.3 | Молдалиев Наматбек атындагы балдар бакчасынын полдорунун эскилиги жеткендигине байланыштуу жаңыртуу | + | | | 200000 сом | | 200000 сом | | Айыл өкмөтү |
| 5.4 | "Суйун апа" балдар бакчасына 50 орундуу кошумча имарат куруу жана колдонууга берүү | + | | | 3 млн сом | | 3 млн сом | | Инвестиция тартуу менен |
| 5.5 | "Суйун апа" балдар бакчасынын санитардык абалын жакшыртуу жана дене-тарбия сабагына керектелүүчү шаймандар менен камсыздоо | + | | | 1 млн сом | 1 млн сом | | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |
| 5.6 | Ак-Жер жер жаңы конушундагы муниципалдык жер тилкесине 150 орундуу типтүү балдар бакчасын куруу | | | + | 20 млн сом | 1 млн | | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |
| 5.7 | 3 сааттык кыска мөөнөттүү балдар бакчасын куруу жана ачуу | | | + | 5 млн | | | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |
| 5.8 | Айыл аймагында мыкты кесипкой кадрларды даярдоо максатында окутуу | | + | + | 1 млн | | 1 млн | | Айыл өкмөтү |

## 6. Маданият

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6.1 | Ч.Сатаев атындагы маданият үйүн жылытуу системасы менен камсыздоо | | | + | 500000 | 500000 | | | Айыл өкмөтү, Инвестиция тартуу менен |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6.2 | Ч.Сатаев атындагы маданият үйүн заманбап жабдуулар менен камсыз кылуу жана комуз, ыр, бий ийримдерин ачуу | | + | | 200000 сом | | 200000 сом | | Айыл өкмөтү |
| 6.3 | Кыргызстан айылындагы маданият үйүнө заманбап аппаратура алуу | | + | | 500 000 | | 500 000 | | Айыл өкмөтү |

## 7. Энергетика

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7.1 | Айыл аймагындагы ички көчөлөргө электр чубалгыларын тартуу, түнкү жарыктандыруу орнотуу, муктаж болгон жерлердеги лампаларды алмаштыруу | + | + | + | 500000 сом | | 500000 сом | | Айыл өкмөтү |

## 8. Транспорттук инфраструктура

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8.1 | Эчкили Тоо таранта жайгашкан Кош Арык массивиндеги жерлерге, кум, шагыл жана топурак алуучу карьерлерге кетүүчү Атай көчөсүн асфальттоо | | + | + | 3 млн. сом | 3 млн. сом | | | Айыл өкмөтү<br>Инвесторлор |
| 8.2 | Ключёвка, 1-Май, Бакыян айылындагы авто жолун Кыргызстандан 1-Май айылын карай чоң жолду асфальттоо. | + | | | 12000,0 | | | 12000,0 | Айыл өкмөтү |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кыргызстан айылындагы Ж Эшенкулова көчөсүндөгү мектепке край барууга 1000 метр аралыкка тротуар жасоо | | | | 500000 | | 500000 | | Айыл өкмөтү |
| **9. Өзгөчө кырдаал** | | | | | | | | | |
| 9.1 | Калктуу конуштарды табигый кырсыктан сактоо | | | | | | | | КР ОКМ менен бирголикте |

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы** **З.М.Надырбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**2024-жылдын 27-майы** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясынын**

## №2 ТОКТОМУ

**"Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу тууралуу Жобону бекитүү жөнүндө.**

"Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу тууралуу Жобону угуп талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу үчүн, кабыл алынган Жобого ылайык иш алып барылып, "Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын. (Жобо тиркелет).
2. "Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу үчүн токтомдун аткарылышын камсыздоо жана кабыл алынган Жобо боюнча көзөмөл жүргүзүп иш алып барып ошондой эле тиешелүү иш кагаздарын текшерип, кабыл алуу жагы айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

Бекитемин: ___________

Төрага: Мамыралиев Х.Т.
Күмүштак айылдык аймагынын
жергиликтүү өз алдынча башкаруу
Кеңешинин I чакырылышындагы
депутаттарынын 2024-жылдын
27-майындагы V сессиясынын
№2 токтому менен бекитилген

**"Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө**

**ЖОБО**

**I. Жалпы түшүндүрмө**

1.1 Бул Жобо "Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу тартибин аныктайт:

1.2 "Ардактуу атуул" наам ыйгаруу демилгесине жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары - айыл өкмөтү, айылдык Кеңеш, мекеме ишканалардын эмгек жамааты, республикалык коомдук саясий уюмдар жана облустук, райондук мамлекеттик администрациялар, көчөнүн жашоочулары, жеке менчик ишканалардын жамааттары ээ болот;

1.3 "Ардактуу атуул" наамын ыйгаруу жөнүндөгү сунуштарды айыл өкмөтү кабыл алып, арыздарды Жобонун талаптарына ылайык карап чыгып, тиешелүү документтерин топтоп, өзүнүн сунушу менен айылдык Кеңешке жөнөтөт:

1.4 "Ардактуу атуул" наамына талапкерлердин документтери айылдык Кеңештин сессиясында депутаттардын кароосуна коюлуп, жалпы депутаттардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болгон тургундун талапкерлиги колдоого алынды деп эсептелет жана чечим токтом түрүндө чыгарылат:

1.5 "Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамы бир жылда 6 адамга гана ыйгарылат. 3 адамга 31-августта берилет, 3 адамга жылдын жыйынтыгы менен берилет.

**II. "Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу үчүн негизги талаптар:**

2.1 Күмүштак айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көп жылдар бою чоң салым кошуп, мамлекеттик жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон, айылдын ар кандай тармактарында эмгектенген инсандарга:

2.2 Күмүштак айылынын өсүп өнүгүшү үчүн, элдин жашоо-шартын жакшыртууда өзгөчөлөнгөн ийгиликтерге жетишкен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына:

2.3 Айылга инвестицияларды алып келип, чоң курулуштарды курган бизнес адамдарына, чет элдик адамдарга.

**III. "Күмүштак Айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби.**

3.1 "Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" төш белгисин жана лентасын даярдоо үчүн кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт:

3.2 "Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамы жалпы жыйналыштарда, даталуу күндөрдө. Күмүштак айылдык Кеңешинин чечими чыккандан кийин тапшырылат:

3.3 "Ардактуу атуул" наамын ыйгаруу маселесин кароодо төмөндөгү иш кагаздар талап кылынат:

- Эгерде "Ардактуу атуул" наамына талапкер жеке жарандар, коомдук уюмдар тарабынан сунушталган болсо:

• Талапкер боюнча ошол кочодо жашоочулар менен өткөрүлгөн чогулуштун жыйынтык протоколдук чечими;

• чогулушка 18 жаштан жогорку жашаган адамдардын жалпысы катышып, катышуучулардын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдук берүүсү;

• коомдук (саясий) уюмдардын сунушу, аткарган иштеринин натыйжалары тууралуу кенири маалыматты камтуу менен;

• өздүк баракчасы сүрөтү менен, өмүр баяны, эмгек китепчесинин, паспортунун көчүрмөсү;

• мамлекеттик жогорку сыйлыктардын көчүрмөлөрү (грамота, орден, медаль, ардактуу наам ж.б);

- Эгерде "Ардактуу атуул" наамына талапкер мекеме, ишканалар тарабынан сунушталган болсо:

• эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун чечими;

• өмүр баяны, мүнөздөмө, сунуш;

• "Ардактуу атуул" наамы берилүүчү адамдын айыл чарбасына, анын элге сиңирген эмгектери.

алган сыйлыктарынын көчүрмөлөрү;

• өздүк баракчасы сүрөтү менен;

• эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

• паспортунун көчүрмөсү.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КУМУШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**2024-жылдын 27-майы** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясынын**

**№3 ТОКТОМУ**

**"Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн аппараттык кеңешмесинин 2024-жылдын 24-майындагы №01-10/251 чыгыш сандуу "Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамына сунуштамасын карап чыгып талкуулап, Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагына көп жылдык мээнет менен эмгектенип, айыл аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, маданий тармагы боюнча өсүшүнө, айыл-чарба багытынын өркүндөшүнө, сапаттуу медициналык жардамдарды көрсөтүүсүнө, элдин жашоо-шартын жакшыртууда өзгөчөлөнгөн салымдары үчүн, жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн төмөндөгү жарандар "Күмүштак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын:
   - Жакышов Русланбек Шергазиевич;
   - Нарботоев Токтогул ;
   - Молдалиев Нарбек Наматбекович;
   - Алымкулов Турсунбек Алымкулович;
   - Агынаев Аскер;
   - Курманбеков Анатай Анарбекович.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **А. Мамыралиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**2024-жылдын 27-майы** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясынын**

## №4 ТОКТОМУ

**Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлери жана айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлери аукционго коюлбай калгандыгына байланыштуу ижарага түз берүү жөнүндө.**

Күмүштак айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлери жана айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлери аукционго коюлбай калгандыгына байланыштуу 2024-жылдын 1-октябрына чейин ижарага түз берүү максатында жана ошондой эле айылдык Кеңештин депутаттарынын ижарага түз берүү жөнүндөгү уруксат, сунуштарын угуп, карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) аукционго коюлбай калган жерлери жана Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы аукциого коюлбай калган жерлери түз берүүдө ижара акысы төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:
   - №7-контурдагы Кош-Арык массивиндеги айдоо-суугат жерлери 10 коэффициент менен берилсин:
   - №946-контурдагы Культурный массивиндеги айдоо-суугат жерлери 20 коэффициент менен берилсин:
   - Ижара акыдан тышкары Мамлекеттик соц.фонд алымы жана салыгы чегерилсин.
2. Аталган жерлер атаандашуу жолу менен ижарага берилсин. Келишимде ижара убактысы көрсөтүлүп 2024-жылдын 1-октябрына чейин түзүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**2024-жылдын 27-майы** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясынын**

# №5 ТОКТОМУ

**"Күмүштак" муниципалдык ишканасынын тарифтерин бекитип берүү жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын тарифтерин бекитип берүү жөнүндөгү "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматованын сунушун угуп, карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык Кенешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын тарифтери төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

2. Суугат сууну пайдалануу боюнча:

- Көл-Түкөк каналы боюнча Боо-Терек айылы үчүн ар бир сууга гектарына:
  - Жөөк менен сууғаруу үчүн – 220 сом:
  - Көп жылдык чөп сууғаруу үчүн – 250 сом.
- БТК каналы боюнча:
  - Боо-Терек айылы үчүн "Көтөрмө" насосунан 1 саатка – 50 сом:
  - Кыргызстан айылы үчүн "Жал" насосунан 1 саатка – 100 сом.
- "Жики" каналы боюнча:
  - 1 гектарына 1 жылга – 1000 сом.
- "Бош-Моюн" каналы боюнча Кызыл-Бакыр элине 1 гектарына 1 жылга -500 сом;
- Көл-Түкөк каналынан Оро айылы үчүн ар бир суугат үчүн -- 250 сом:
- БТК каналы боюнча Оро айылы үчүн бир жолку сугарууга 1 литр сууга – 0.05 тыйын.

3. Техникаларды пайдалануу боюнча:

- Экскаватор МТЗ саатына - 10 литр күйүүчү май, кызмат акысы -- 500 сом:

- Погрузчик горизонтальный саатына – 15 литр күйүүчү май, кызмат акысы – 700 сом;
- КАМАЗ 1 рейсине 1800 сом;
- Зерновой комбайн "ЛИДА" бир гектарга – 30 литр күйүүчү май, кызмат акысы 2000 сом.

4. Ичүүчү суу боюнча 1 айга:

- Айыл элине 1 түтүнгө – 100 сом;
- Мектеп, бала бакчаларга - 4000 сом;
- Мончолорго – 2000 сом;
- Дүкөндөргө – 100 сом;
- Айыл өкмөтүнө – 300 сом;
- №9 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна – 500 сом;
- Үйгө суу киргизүүгө уруксат алуу үчүн – 5000 сом.

5. Таштанды боюнча ай сайын:

- Кыргызстан, Жон-Коргон, 1-май айылы боюнча ар бир түтүнгө – 25 сом;
- Боо-Терек айылы боюнча ар бир түтүнгө – 30 сом;
- Мектептерге, бала бакчаларга – 200 сом;
- №9 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна – 100 сом;
- Дүкөндөргө – 100 сом.

6. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага жүктөлсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КУМУШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**2024-жылдын 27-майы** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясынын**

# №6 ТОКТОМУ

**Бешкемпирова Анаркандан 7 сотых жер аянтын айыл өкмөттүн муниципалдык менчигине сатып алуу жөнүндө**

Боо-Терек айылынын тургуну Бешкемпирова Анаркандан 7 сотых жер аянтын 560 000 сомго айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине сатып алууга уруксат берүү жөнүндөгү маселени угуп, карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бешкемпирова Анаркандан 7 сотых жер аянтын (6-02-02-1001-19-92 кодировкасындагы) айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине жергиликтүү бюджеттен 560000 сом акча каражатка сатып алууга уруксат берилсин.

2. Айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы, Күмүштак айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына мамлекеттик актысын алуу үчүн акча каражатын которуу жагын жана Бешкемпирова Анарканга 560 000 (беш жүз алтымыш миң) сом акча каражатын которуу жагын камсыздасын.

3. Айыл өкмөтүнүн башчысы, Боо-Терек айылындагы Бешкемпирова Анаркандан 7 сотых жер аянтын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине сатып алуу үчүн, Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигине караштуу жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына кайрылып мамлекеттик АКТысын жасатып бүтүрсүн.

4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жана ошондой эле тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана жер маселелери боюнча адисине милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Торага** **Мамыралиев А.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**2024-жылдын 27-майы** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясынын**

## №7 ТОКТОМУ

**Суу пайдалануучулар ассоциациясынын (СПА) карыздары үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

"Күмүштак" муниципалдык ишканасы жаңы ачылгандыгына байланыштуу, СПАлардын мурдагы карыздарын жабуу үчүн Күмүштак айыл өкмөтүнүн бюджетинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевдин сунушун угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. СПАлардын төмөнкү карыздары Күмүштак айыл өкмөтүнүн бюджетинен төлөнүп берилсин:

   - Боо-Терек айылындагы "Курама-Тор" СПАсынын мурдатан келе жаткан салыкка жана соцфондко болгон карызы 280952.18 (эки жүз сексен миң тогуз жүз элүү эки сом он сегиз тыйын) сом жана Бакай-Ата суу чарба башкармалыгына болгон карызы 205070 (эки жүз беш миң жетимиш) сом.

   - 1-Май айылындагы "Элдан-Суу" СПАсынын салыкка жана соцфондко болгон карызы 109305.29 (бир жүз тогуз миң үч жүз беш сом жыйырма тогуз тыйын) сом.

- Жалпысынан 595327.47 ( беш жүз токсон беш миң үч жүз жыйырма жети сом кырк жети тыйын) сом Күмүштак айыл өкмөтүнүн бюджетинен бөлүнүп берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**2024-жылдын 27-майы** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясынын**

## №8 ТОКТОМУ

**Боо-Терек айылдык Кеңешинин 2024-жылдын 30-январындагы кабыл алынган №1 токтомунун 4-пунктуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Боо-Терек айылдык Кеңешинин 2024-жылдын 30-январындагы кабыл алынган №1 токтомунун 4-пунктунда көрсөтүлгөн "Бюджетти аткаруу процессинде зарыл учурда ич ара бөлүмдөн бөлүмгө, статьядан статьяга, кварталдан кварталга жылдыруулар айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүм башчысынын сунушунун негизинде айылдык Кеңештин депутаттарынын сессиясында талкууланып каралып, Кеңештин токтому менен жүргүзүлсүн" деген пунктуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевдин сунушун угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2024-жылдын 30-январындагы кабыл алынган "Боо-Терек айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин долбоору жана 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндөгү" №1 токтомунун 4-пунктуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- Боо-Терек айыл өкмөтүнүн бюджетинин аткаруу процессинде зарыл учурда бөлүмдөн бөлүмгө, статьядан статьяга, кварталдан кварталга жылдыруулар Күмүштак айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысынын сунушунун негизинде Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевдин токтому менен жүргүзүлсүн.

2. Бул токтомдун аткарылышын жоопкерчилик менен камсыздап, аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге жана Күмүштак айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Дуйшенкуловага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**2024-жылдын 27-майы** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясынын**

## №9 ТОКТОМУ

**1-Май айылындагы көрүстөн жайгашкан жер тилкесин трансформациялоо жөнүндө**

1-Май айылынын тургундарынан келген 2024-жылдын 20-майындагы №6 кириш сандуу кайрылууну карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 1-Май айылынындагы №579-контурундагы 12,60 гектар жер тилкеси көрүстөнгө трансформациялоого макулдук берилсин.
2. Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы, Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигине караштуу жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына кайрылып мамлекеттик АКТысын жасатып бүтүрсүн.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**КҮМҮШТАК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУМУШТАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**2024-жылдын 27-майы** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл**
**аймагынын айылдык кеңешинин**
**I чакырылышындагы депутаттардын**
**V сессиясынын**

**№10 ТОКТОМУ**

**Баткен согушунда каза болгон Жаңыбай уулу Тилектин эстелигин Кыргызстан айылындагы мурунку Оро айыл өкмөтүнүн имаратынын астына коюу жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевдин сунушун угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргызстан айылындагы мурунку Оро айыл өкмөтүнүн астына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Бакай-Ата райондук шаар куруу жана архитектура бөлүмүнүн макулдугу менен Баткен согушунда баатыр катары кайтыш болгон Жаңыбай уулу Тилектин эстелиги коюлсун.

2. Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы, Бакай-Ата райондук шаар куруу жана архитектура бөлүмүнөн керектүү уруксат иш кагаздарын алууга милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Мамыралиев А.**